***Баткен облустук  мамлекеттик статистика башкармалыгы***

# *Баткен облусунун социалдык-экономикалык  абалы*

## *январь-май*

*(тез аралык маалымат)*

## *Айлык чыгарылыш*

---

## *Баткен-2020*

***Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы***

Редакциялык-басмалык Кеңеш:

Төрага - Ысмайылов С.М.

Мүчөлөр: -Закиров Ж.Д.
-Кайымов Р.И.
-Салиева У.С.
-Эргешов М.Ы.

Ушул басылмага байланыштуу суроолор боюнча төмөнкү дарекке кайрылыңыздар:
Баткен ш. Н.Дыйканов көчөсү, 1; телефон: (0-3622) 5-01-40, факс 5-02-49;
e-mail: batstat1@mail.ru;
Баткен облустук мамлекеттик статистика башкармалыгы.

***Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы*** басылмасы ыкчам маалыматтардын негизинде 2020-жылдын январь-май айларындагы облустун экономикасынын абалын реалдуу, мамлекеттик, финансылык, тышкы жана социалдык секторлор менен кошо талдоону камтыйт. Тиркемелерде толук статистикалык таблицалар берилди. Мурунку жылдары жарыяланган көрсөткүчтөрдүн ордуна такталган маалыматтар берилди. Ай сайын чыгарылат.

Тиражы 20 нуска.

Статистикалык маалыматтарды жалпыга маалымдоо каражаттарында жана илимий эмгектерде пайдаланган учурда маалыматтык тарамдарда, кагаз түрүндө, магнитик жана башка алып жүрүүчүлөргө таратканда, пайдалануучулар алардын булагын көрсөтүүгө милдеттүү (Мамлекеттик статистика жөнүндө Мыйзамдын 17-беренеси).

Бул басылманын маалыматтарын жаңылоонун акыркы күнү: 2020-жылдын 12-июну.

***Шарттуу белгилер:***

-кубулуш болгон эмес;

Жыйынтыктын кошулган суммалардан бир аз айырмасы, алардын тегеректелиши менен түшүндүрүлөт.

## *М А З М У Н У*


| | | |
|---|---|---|
| ***I*** | ***Облустун социалдык -экономикалык абалы…………………………*** | ***4*** |
| ***II*** | ***Негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөр…………………*** | ***5*** |
| ***III*** | ***Сектордук обзор………………………………………………………*** | ***6*** |
| | ***Реалдуу сектор………………………………………………………*** | ***6*** |
| | Өнөр жайы………………………………………………………… | 6 |
| | Айыл чарбасы, аңчылык жана токой чарбасы…………………….. | 7 |
| | Капиталдык салым…………………………………………………... | 8 |
| | Транспорт жана байланыш………………………………………….. | 8 |
| | Тейлөө рыногу……………………………………………………….. | 8 |
| | Керектөө рыногу……………………………………………………... | 8 |
| | Эмгек рыногу жана эмгек акы……...……………………………… | 9 |
| | Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси…………………………… | 10 |
| | Баалардын жана тарифтердин индекси…………………………….. | 10 |
| ***IV*** | ***Мамлекеттик сектор……………..…………………………………*** | ***12*** |
| | Финансы……………………………………………………… | 12 |
| ***V*** | ***Тышкы сектор………………………………………………………*** | 13 |
| | Экспорт………………………………………………………. | 13 |
| | Импорт……………………………………………………… | ***13*** |
| ***VI*** | ***Социалдык сектор…………………………………………………..*** | ***13*** |
| | Турак жай курулушу………………………………………………..... | 13 |
| | Демографиялык жагдай…………………………………………. | 13 |
| | Калктын оорулары....................................................................... | 14 |
| | ***Тиркеме……………………………………………………………..*** | ***15*** |

## *ОБЛУСТУН 2020- ЖЫЛДЫН ЯНВАРЬ - МАЙ АЙЛАРЫНДАГЫ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ*

Облусубуздун өнөр-жай ишканалары тарабынан 2020-жылдын январь-май айында 1048343,5 миң сомдук продукция өндүрүлүп, физикалык көлөмдүн индекси 92,3 пайызды түздү.

Айыл-чарбасы, аңчылык жана токой чарбасынын продукциясынын дүң чыгарылышы 2020-жылдын январ-май айларында 2952,4 млн. сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 100,4 пайызды түздү.

Облустун аймактарында капиталдык салымдардын иштетилиши үстүбүздөгү жылдын январь- май айында 318095,7 миң сомго барабар болду, бул өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу баада 78,8 пайызды түздү.

2020-жылдын январь-май айында турак жай курулушунда жалпы аянты 16487,0 чарчы метр болгон 149 квартира пайдаланууга берилди, же өткөн жылдын январь-май айынын денгээлине салыштырмалуу 69,4 пайызды түздү. Турак жай курулушуна сарпталган жалпы чыгым 185584,8 миң сомду түздү.

Транспорттун бардык түрү менен үстүбүздөгү жылдын январь-май айларында 3442,3 миң тонна жүк ташылып, 2020-жылдын январь-май айларына салыштырмалуу 80,8 пайызга барабар болду. Жүргүнчүлөрдү ташуунун көлөмү 59449,3 миң жүргүнчү км болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 63,4 пайызды түздү.

Чарба жүргүзүүчү субьектилер (юридикалык жактар жана жеке адамдар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү 2020-жылдын январь-май айында 5603694,0 миң сомду түзүп, 2019-жылдын январь-май айынын денгээлинен 7,3 пайызга төмөндөгөн.

2020-жылдын январь-май айында чекене товар жүгүртүүнүн көлөмү (коомдук тамактанууну кошкондо) 4744030,6 миң сомду түздү жана салыштырма баада 2019-жылдын январь-май айынын деңгээлинен 12,7 пайызга төмөндөгөн.

Калкка кызмат көрсөтүүнүн көлөмү ушул жылдын январь-май айында 859663,4 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 6,0 пайызга төмөндөгөн.

Инфляция денгээлин мүнөздөөчү керектөө бааларынын индекси ушул жылдын май айын өткөн жылдын май айына салыштырганда 108,0 пайызды, ал эми ушул жылдын май айын өткөн жылдын декабрь айына салыштырганда 102,7 пайызды түздү.

Облус боюнча 2020-жылдын январь-апрель айында бир айлык орточо эмгек акы 13211,7 сом өлчөмүндө калыптанып, 2019-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 19,9 пайызга өскөн.

Облустук санитардык-эпидемиологиялык станциянын маалыматы боюнча 2020-жылдын январь-май айларында облуста санитардык-эпидемиологиялык абал өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу бактериялуу дизентерия, ичегинин өткүр инфекциясы, педикулез, эпидемиялык паротит, өткүр респиративдүү ооруларынын, жаныбарлардын тиштеп алуусунун төмөндөшү жана кургак учук, вирустуу гепатит, бруцеллез, эхинококкоз, котур, инфекциялык ВИЧ оорууларынын өсүшү менен мүнөздөлдү.

## *II. НЕГИЗГИ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК КӨРСӨТКҮЧТӨР*

| | 2020 ж. январь-май айларында | 2020ж май айы 2019ж май айына карата пайыз менен | 2020-жылдын январь- май айлары 2019-жылдын январь- май айларына карата пайыз менен |
|---|---|---|---|
| ***Экономикалык индикаторлор*** | | | |
| Өнөр жай продукциясынын көлөмү-бардыгы, миң сом | 1048343,5 | 78,2 | 92,3 |
| Айыл чарба, аңчылык жана токой чарба продукциясынын дүң чыгарылышы, млн. сом | 2952,4 | 104,2 | 100,4 |
| Негизги капиталга инвестициялар, мин сом | 318095,7 | 147,4 | 78,8 |
| Ишке киргизилген турак-жай, ч. м. | 16487,0 | 89,7 | 69,4 |
| Жүк ташуу көлөмү, миң тонна | 442,3 | 70,4 | 80,8 |
| Жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүшү, миң жүргүнчү км | 59449,3 | 4,3 | 63,4 |
| Рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү- бардыгы, миң сом | 5603694,0 | 102,6 | 92,7 |
| Чекене соода жүргүзүүнүн көлөмү, миң сом | 4744030,6 | 96,3 | 87,3 |
| Кызмат көрсөтүүнүн көлөмү, миң сом | 859663,4 | 89,2 | 94,0 |
| Бир кызматкердин номиналдык, орточо айлык эмгек акысы, сом | 13211,7 [1)] | 113,2[2)] | 119,9[3)] |

***[1)] 2020ж. январь-апрель***
***[2)] 2020ж. апрель***
***[3)] 2020ж. январь-апрель***

## *III. СЕКТОРДУК ОБЗОР*

### Реалдуу сектор

***<u>Өнөр жайы.</u>*** Облус боюнча 2020-жылдын январь-май айында 1048343,5 миң сомдук өнөр жай продукциялары өндүрүлүп, физикалык көлөмдүн индекси 92,3 пайызды түздү.

Иштетүү өнөр жайынын өндүрүшүнүн көлөмү 395168,1 миң сомду түзүп, жалпы өндүрүлгөн өнөр жай продукцияларынын 37,7 пайызын, пайдалуу кендерди казуу өнөр жайы 266601,3 миң сомду же 25,4 пайызын, электр энергиясын жана газды өндүрүү 337943,6 миң сомду же 32,2 пайызын, чогултуп тазартылган сууну бөлүштүрүү 48630,5 миң сомду же 4,7 пайызды түздү.

*Пайдалуу кендерди казуу өнөр жайында* ушул жылдын январь-май айында 266601,3 миң сомдук өнөр жай продукциясы өндүрүлүп, жалпы тармак боюнча физикалык көлөмдүн индекси 84,9 пайызды түздү. Үстүбүздөгү жылдын январь-май айында 142896,4 тонна көмүр казылып алынып, өткөн жылдын январь-май айына салыштырмалуу 93,1 пайызды түздү. Өткөн жылга салыштырмалуу көмүрдү Баткен району 174,6 тоннага көп казып алган. Сүлүктү шаары 1144,1 тоннага, Кадамжай районунда январь-май айында өткөн жылга салыштырмалуу 9676,0 тоннага көмүрдү аз казып алынган.

*Иштетүү өнөр жай* өндүрүшүнүн көлөмү 395168,1 миң сомду түзүп, физикалык көлөмдүн индекси 88,9 пайызды түздү. Жалпы көлөмдүн ичинен тамак аш азыктары, суусундуктар менен тамекини кошкондо 214322,3 миң сомду (көлөмдүн 54,2 пайызын), текстил жана тигүү өндүрүшү 20538,0 миң сомду (көлөмдүн 5,2 пайызын), целлюлоза-кагаз, жыгачты кайра иштетүү 9518,5 миң сомду (көлөмдүн 1,6 пайызын), химия өндүрүшү 41315,5 миң сомду (көлөмдүн 10,5 пайызын), башка металл эмес минералдык продуктуларын, резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүү 65340,7 миң сомду (көлөмдүн 16,5 пайызын), металлургия өндүрүшүнүн продукциясы жана даяр метал буюмдарынын өндүрүшү 16307,8 миң сомду (4,1 пайызын), өнөр жайдын башка түрлөрү 38403,9 миң сомду (9,7 пайызын) түздү.

*Тамак-аш азыктарын* өндүрүү боюнча тармактын физикалык көлөмүнүн индекси ичимдиктер менен тамекини кошкондо үстүбүздөгү жылдын январь-май айында өткөн жылдын январь-май айына салыштырмалуу 87,9 пайызды түздү.

Иштетилбеген мунайзат 30,4 пайызга, электр энергиясын бөлүштүрүү 0,7 пайызга, топтолгон жана тазаланган суу 9,2 пайызга, сымап өндүрүү 76,1 пайызга, дан эгиндеринен тартылган ун 4,9 пайызга өскөн. Ал эми аялдардын тигилүү кийими 25,0 пайызга, таш көмүр өндүрүү 6,9 пайызга, үй-эмеректерин жасоо 27,9 пайызга, балмуздак 62,0 пайызга, кондитердик азыктар 24,7 пайызга жаңы бышкан нан 11,0 пайызга, эт азыктары 19,0 пайызга, өсүмдүк майын өндүрүү 10,5 пайызга, тазартылган күрүч 1,3 пайызга, эркектердин тигилүү кийими 40,8 пайызга, килем 55,7 пайызга төмөндөгөн.

*2020-жылдын январь-май айында текстил жана тигүү өнөр жайында* чыгарылган продукциянын көлөмү 20538,0 миң сомду түздү, же мурунку жылдын январь-май айындагы деңгээлге караганда физикалык көлөмдүн индекси 62,7 пайызды, ал эми химия өндүрүшүнүн көлөмү 41315,5 миң сомду түзүп, физикалык көлөмдүн индекси 1,7 эсени түздү.

*Металлургия өнөр жайынын* жана даяр металл буюмдарынын өндүрүшүндө январь-май айында 16307,8 миң сомдук продукция чыгарылды, же өндүрүүнүн физикалык көлөмүнүн индекси өткөн жылдын январь-май айына салыштырганда 93,4 пайызды түздү.

*Электр энергиясын, газды өндүрүү көлөмү январь-май* айында 337943,6 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси 100,7 пайызды, сууну топтоо, тазалоо жана бөлүштүрүү, калдыктарды иштетүү 48630,5 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 120,4 пайызды түздү.

Өнөр жай продукциясынын физикалык көлөмүнүн индексинин өзгөрүү динамикасы
(жылдын башынан бери өсүүчү жыйынтык боюнча)




Экономикалык ишмердиктин түрү боюнча өнөр-жай тармактарынын үлүшү иш жүзүндөгү баада % менен




***__Айыл чарбасы, анчылык жана токой чарбасы.__*** 2020-жылдын январь-май айларында айыл чарбасында өндүрүлгөн дүң продукциянын көлөмү 2952,4 млн. сом болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 100,4 пайызды түздү.

Үстүбүздөгү жылдын январь-апрель айларында 9754,3 тонна эт, 32186,8 тонна сүт, 5835,3 миң даана жумуртка, 400,9 тонна жүн өндүрүлүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу сүт өндүрүү 1,0 пайызга, жумуртка өндүрүү 0,7 пайызга, жүн 2,1 пайызга өскөн. Ал эми эт өндүрүү 0,8 пайызга төмөндөгөн.

Райондор боюнча: Эт өндүрүү Баткен районунда 0,1, Кызыл-Кыя шаарында 0,1 пайызга өскөн. Ал эми Кадамжай районунда 1,8 пайызга жана Лейлек районунда 0,6 пайызга аз өндүрүлгөн. Баткен жана Сүлүктү шаарларында өткөн жылдын деңгээлинде калган. Сүт өндүрүү Баткен районунда 0,5, Кадамжай районунда 2,5, Лейлек районунда 0,2, Баткен шаарында 0,4, Сүлүктү шаарында 0,2 пайызга жогорулаган. Ал эми Кызыл-Кыя шаарында өткөн жылдын деңгээлинде калган. Жумуртканы Баткен району 0,3, Кадамжай району 2,4, Лейлек району 0,5, Кызыл-Кыя шаарында 0,1, Сүлүктү шаары 0,6 пайызга көп өндүргөн. Ал эми Баткен шаарында өткөн жылдын деңгээлинде калган. Жүн өндүрүү Баткен районунда 1,3, Кадамжай районунда 2,2, Баткен шаарында 5,9, Кызыл-Кыя шаарында 5,6, Сүлүктү шаарында 0,6 пайызга жогорулаган. Ал эми Лейлек районунда өткөн жылдын деңгээлинде калган.

Облус боюнча 2020-жылдын 1-июнуна карата 9,0 тонна помидор, 9,2 тонна бадыраң жыйналып өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 59,6 жана 71,8 пайызды түздү. Ал эми лимон мөмөсү 18,0 тонна жыйналып, өткөн жылга салыштырмалуу 9,5 эсеге өсүү болду. Бардык жыйналган лимон түшүмү Кадамжай районунда өндүрүлгөн.

***Капиталдык салым.*** 2020-жылдын январь-май айында 318095,7 миң сомдук капиталдык салымдар сарпталып, 2019-жылдын ушул мезгилине карата салыштырмалуу баада 78,8 пайызга барабар болду. Капиталдык салымдар Баткен районунда 16,3, пайызга Кадамжай районунда 21,7, пайызга, жана Кызыл-Кыя шаарында 2,6 эсеге өсүү болду. Ал эми Баткен шаарында 58,8, Лейлек районунда 39,7, Сүлүктү шаарында 74,0 пайызга төмөндөгөн. Каржылоонун негизги булактарын, калктын каражаттары жана республикалык бюджет түздү. Өздөштүрүлгөн капиталдык салымдардын 87,9 пайызы подрядтык иштерге туура келди.

Капиталдык салымдардын көлөмү
(миң сом)




***Транспорт жана байланыш.*** 2020-жылдын январь-май айларында автомобилдик транспорт аркылуу жүк ташуу көлөмү 442,3 миң тонна болуп, өткөн жылдын январь-май айларына салыштырмалуу 80,8 пайызды түздү.

2020-жылдын январь-май айларында жүргүнчү автомобиль транспортунун бардык түрү менен 2722,5 миң адам ташылды. Автомобиль транспортунун бардык түрү менен аткарылган жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүүсү 59449,3 миң жүргүнчү-км түздү (2019-жылдын январь-май айларына салыштырмалуу 63,4 пайызды түздү).

Жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүүсү 2020-жылдын январь-май айларында бардыгы жеке адамдардын транспорту менен жүргүзүлгөн.

***Тейлөө рыногу.*** Чарба жүргүзүүчү субьектилер (юридикалык жактар жана жеке адамдар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү 2020-жылдын январь-май айында 5603694,0 миң сомду түзүп, 2019-жылдын январь-май айынын денгээлине салыштырмалуу 7,3 пайызга, анын ичинен калкка көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөр 5481594,9 миң сом болуп 6,7 пайызга төмөндөгөн.

***Керектөө рыногу.*** Соода, автомобилдерди, мотор майларын дүң соодасы, турмуш тиричилик буюмдарынын жана жеке керектелүүчү буюмдарды оңдоонун жүгүртүүсү үстүбүздөгү жылдын январь-май айында 4448057,3 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 6,3 пайызга төмөндөгөн.

Автомобилдерди жана мотордук майларды сатуу киргизилбегенде, чекене сооданын жүгүртүүсү 2438842,0 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 16,4 пайызга төмөндөгөн, анын жалпы көлөмдөгү үлүшү 54,8 пайызды түздү. Чекене товар жүгүртүүнүн жалпы көлөмү ушул жылдын январь-май айында 4744030,6 миң сом суммасында калыптанып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 12,7 пайызга төмөндөгөн.

Автомобилдерди, мотоциклдерди, автомобил тетиктерин, шаймандарын жана бөлүктөрүн сатуу көлөмүнүн жүгүртүүсү ушул жылдын январь-май айында 18300,0 миң сом суммасында аныкталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 38,8 пайызга төмөндөгөн.

Мотордук майлардын чекене соода жүгүртүүсү ушул жылдын январь-май айында 1862104,3 миң сомду түздү, же өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 11,4 пайызга жогорулаган.

Азыркы күндө эл керектөөчү керек-жарак товарларынын көпчүлүгүн (81,8 пайызын) соода түйүндөрүнөн алышат, алардын жүгүртүлүшү ушул жылдын январь-май айында 3878403,8 миң сомду түздү, же өткөн жылга салыштырганда 8,9 пайызга төмөндөгөн.

Үстүбүздөгү жылдын январь-май айында 859663,4 мин сом суммасында калкка акысына тейлөөлөр көрсөтүлүп, анын көлөмү өткөн жылдын денгээлине салыштырмалуу 94,0 пайызды түздү.

Чекене товар жүгүртүүнүн салыштырма салмагы
(% менен)




Калкка акысына кызмат көрсөтүүнүн салыштырма салмагы
(% менен)




***<u>Эмгек рыногу жана эмгек акы.</u>*** Облустун калкты ишке жайгаштыруу башкармалыгынын берген маалыматы боюнча 2020-жылдын 1-июнуна карата жумуш издеп кезекте турган эмгекке жарамдуу жумушсуз калктын саны 13804 адамды түздү, анын ичинен 10888 адам официалдуу жумушсуз статусун алган.

Официалдуу түрдө катталган жумушсуздардын ичинен 243 адам коомдук акы төлөнүүчү иштерге тартылды.

2020-жылдын 1-июнуна карата 514 бош жумушчу орун болду. Бир бош иш ордуна 27 адам туура келди.

Облус боюнча 2020-жылдын январь-апрель айында бир айлык орточо эмгек акы 13211,7 сом өлчөмүндө калыптанып, 2019-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 19,9 пайызга

өскөн. Облус боюнча 2020-жылдын апрель айында бир айлык орточо эмгек акы 13496,2 сом өлчөмүндө калыптанып, 2019-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 13,2 пайызга өскөн.

Эмгек акы өткөн айга салыштырмалуу айыл чарбасы, балыкчылык жана токой чарбасы, соода: автомобилдерди, турмуш-тиричилик жана жеке колдонулуучу буюмдарды ондоо, кыймылсыз мүлк операциялары, мамлекеттик жана көмөкчү ишмердүүлүк, маданий, көңүл ачуу жана дем алуу тармактары боюнча өскөндүгү байкалды.

Республиканын Улуттук банкы аныктаган валютанын официалдуу курсуна жараша орточо эмгек акы 2020-жылдын апрель айында 176,3 долларды түздү.

2020-жылдын 1-июнуна карата эмгек акыны төлөп берүү карызы облус боюнча 32636,8 миң сом болду.

Эмгек акыны төлөө карызынын 89,5 пайызын Кадамжай району, 10,5 пайызын Кызыл-Кыя шаары түзөт.

Официалдуу катталган жумушсуздардын саны

(адам)




***Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси.*** Айыл-чарба продукциясынын баалары үстүбүздөгү жылдын январь-май айларында өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 117,5 пайызды, ал эми мал чарба продукциясы 105,0 пайызды, талаачылыктан алынган продукция 104,0 пайызды түздү.

Өнөр-жай продукцияларынын өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси 2020 жылдын январь-май айында өткөн жылдын январь-май айына салыштырмалуу 102,0 пайызды түздү. Ал эми 2020 жылдын май айы өткөн жылдын май айына салыштырмалуу 102,4 пайызды түздү.

***Баалардын жана тарифтердин индекси.*** Инфляция деңгээлин мүнөздөөчү керектөө бааларынын индекси үстүбүзөгү жылдын май айында өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 108,0 пайызды түздү, ал эми үстүбүздөгү жылдын май айын өткөн жылдын декабрь айына салыштырганда 102,7 пайызды түздү.

Ушул жылдын май айында өткөн айга салыштырмалуу жумуртка 3,2 пайызга, күн карама майы 0,4 пайызга кымбаттаган. Ал эми жогорку сорт ун 4,1 пайызга, 1-сорт ун 4,0 пайызга, макарон азыктары 1,8 пайызга, сүт 4,5 пайызга төмөндөгөн, нан, уйдун эти, койдун эти өз ордунда калган.

***Азык-түлүк товарларынын негизги түрлөрүнүн бааларынын индекси***

*(өткөн айга карата пайыз менен)*

| | Жогорку сорт ун | 1-сорт ун | Нан | Макарон азык-тары | Уйдун эти | Койдун эти | Сүт | Жумурт-ка | Күн карама майы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| январь | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 101,8 | 100,0 | 100,0 | 109,0 | 100,0 |
| февраль | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 99,1 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 98,3 | 100,0 |
| март | 101,5 | 106,4 | 100,0 | 100,4 | 100,0 | 100,0 | 105,7 | 91,5 | 101,2 |
| апрель | 105,8 | 112,3 | 100,0 | 114,1 | 100,0 | 100,0 | 106,9 | 101,5 | 101,5 |
| май | 96,0 | 96,0 | 100,0 | 98,2 | 100,0 | 100,0 | 95,5 | 103,2 | 100,4 |

Жашылча-жемиштердин бааларынан өткөн айга салыштырмалуу алма 6,3 пайызга, кургатылган өрүк 8,7 пайызга, грек жаңгагы 6,7 пайызга кымбаттаган. Ал эми пияз 31,0 пайызга төмөндөп, картошка, сабиз өз ордунда калган.

***Жашылча жемиш продукцияларынын айрым түрлөрүнүн бааларынын индекси***

*(өткөн айга карата пайыз менен)*

| | Пияз | Картошка | Сабиз | Алма | Кургатылган өрүк | Грек жаңгагы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| январь | 105,7 | 103,9 | 107,3 | 113,9 | 110,5 | 100,0 |
| февраль | 115,0 | 100,0 | 114,3 | 106,0 | 106,6 | 100,0 |
| март | 92,0 | 110,2 | 99,0 | 117,0 | 93,8 | 100,0 |
| апрель | 155,7 | 126,2 | 116,9 | 119,2 | 112,8 | 100,0 |
| май | 69,0 | 100,0 | 100,0 | 106,3 | 108,7 | 106,7 |

Үстүбүздөгү жылдын май айында өткөн апрель айына салыштырмалуу фармацевтикалык продукциялар 4,7 пайызга жорорулаган. Ал эми азык-түлүк эмес товарлар 0,2 пайызга, күйүүчү майлоочу материалдар 6,1 пайызга, бензин 5,7 пайызга төмөндөп, калган товарлар өз ордунда калган.

***Азык-түлүк эмес товарлардын айрым топторунун жана түрлөрүнүн бааларынын индекси***

(пайыз менен)

| | 2020ж. май 2019ж. майына карата | 2020ж. январь-май 2019ж. январь-майына карата | 2020ж май 2020ж апрелине карата |
|---|---|---|---|
| Кийим | 109,8 | 108,1 | 100,0 |
| а.и.кийим тигүү үчүн материалдар | 98,0 | 100,0 | 100,0 |
| Бут кийим | 111,9 | 109,4 | 100,0 |
| Турак-жайларды күтүү жана оңдоо үчүн материалдар | 98,4 | 101,0 | 100,0 |
| Суу менен камсыз кылуу (муздак суу) | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Катуу отун | 117,6 | 117,5 | 100,0 |
| Күйүүчү-майлоочу материалдар | 93,9 | 95,7 | 93,9 |
| Бензин | 94,2 | 95,4 | 94,3 |
| Үй тиричилик буюмдары, тиричилик техника | 101,0 | 100,3 | 100,0 |
| Фармацевтикалык продукциялар | 109,8 | 103,7 | 104,7 |
| Газеталар жана мезгилдүү басылмалар | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Азык-түлүк эмес товарлар | 105,6 | 104,8 | 99,8 |

Өткөн айга салыштырганда үстүбүздөгү жылдын май айында бардык кызмат көрсөтүүлөр өз ордунда калган.

***Тейлөөлөрдүн айрым топторунун жана түрлөрүнүн тарифтеринин индекси.***

(пайыз менен)

| | 2020ж. май 2019ж. майына карата | 2020ж. январь-май 2019ж. январь-май | 2020ж май 2020ж апрелине карата |
|---|---|---|---|
| Жүргүнчү транспортунун тейлөөсү | 97,8 | 96,8 | 100,0 |
| Байланыш тейлөөсү | 100,2 | 99,8 | 100,0 |
| Маданий иш чараларды уюштуруу боюнча тейлөөлөр | 100,7 | 100,6 | 100,0 |
| Билим берүү тейлөөсү | 106,4 | 106,4 | 100,0 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Амбулаториялык тейлөөлөр | 100,0 | 98,7 | 100,0 |
| Мейманкалардын жана ресторандардын тейлөөлөрү | 109,6 | 109,6 | 100,0 |
| Чач тарач тейлөөлөрү | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Укуктук мүнөздөгү тейлөөлөр | 100,0 | 100,0 | 100,0 |

***Керектөө бааларынын индекси***

(Өткөн жылга салыштырмалуу, % менен)




***Мамлекеттик сектор***

***<u>Финансы.</u>*** Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин борбордук казына бөлүмүнүн маалыматы боюнча 2020-жылдын январь-апрель айларында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү, официалдуу трансферттерди кошкондо 313,8 млн. сом өлчөмүндө аныкталып, өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 91,1 пайызга аткарылган.

Республикалык бюджеттин киреше бөлүгү 351,5 млн. сомду түзүп, 2019-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 23,2 пайызга, ал эми чыгашалар 25,0 пайызга өскөн.

Облустук жергиликтүү бюджет 2020-жылдын январь-апрель айларында профицит менен аткарылган (кирешелер чыгашалардан көп).

2020-жылдын январь-апрель айларында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнө 171,0 млн. сом өлчөмүндө салык төлөмдөрү түшүп, өткөн жылга салыштырмалуу салыктан түшүүлөр 2,3 пайызга азайган. Киреше жана пайда салыгы 19,0 пайызга, жеке адамдардын төлөгөн киреше салыгы 35,7 пайызга өскөн. Ал эми патенттин негизиндеги салык 21,5 пайызга, бирдиктүү салыктар боюнча түшүүлөр 2,3 пайызга, жер салыгы 22,3 пайызга, менчиктен түшкөн салыктын өлчөмү 26,0 пайызга, кыймылсыз мүлк салыгы 34,4 пайызга, соодадан жана акысына көрсөтүлүүчү тейлөөлөрдөн түшкөн салык 49,3 пайызга жана товарлардын жана тейлөөлөрдүн салыгы 49,3 пайызга азайган.

Облустук бюджеттин киреше бөлүгүндө салыктан тышкары кирешенин азайганы байкалды. Алсак 2019-жылдын январь-апрель айларында жалпы кирешенин 22,8 пайызын түзгөн болсо, ал эми 2020-жылдын январь-апрель айларында 15,2 пайызын түздү. Салыктан тышкары кирешенин басымдуу бөлүгүн товарларды сатуудан жана тейлөө көрсөтүүдөн түшкөн киреше түздү, же жалпы салыктан тышкары кирешенин 51,9 пайызын түзөт.

Облустук бюджетте официалдык трансферттик түшүүлөр көлөмү бардык түшүүлөрдүн 30,3 пайызын түзөт, же өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 4,7 пайызга өскөн.

Облустук бюджеттин чыгаша бөлүгү 2020-жылдын январь-апрель айларында 221,7 млн. сомду түзүп, 2019-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 4,3 пайызга өскөн. Чыгашалардын 35,8 пайызы социалдык-маданий чөйрөгө, 49,5 пайызы жалпы багыттагы мамлекеттик тейлөөлөр, коргоо жана коомдук тартипти сактоого жумшалды. Бардык чыгашалардын 20,8 пайызы билим берүү тармагына (46,1 млн. сом) жумшалган.

## *Тышкы сектор*

2020-жылдын январь-март айларында Баткен облусу дүйнөнүн 15 мамлекети менен тышкы соода байланышында болду. Анын ичинде: 5 КМШ өлкөлөрү, 10 КМШдан тышкары өлкөлөр. Облустун тышкы соода жүгүртүүсү 2020 жылдын январь-мартында 11016,5 миң АКШ долларын түзүп, 2019-жылдын тийштүү мезгилине салыштырмалуу 9,5 пайызга өскөн. Соода балансасынын сальдосу оң болуп 5234,1 миң АКШ долларына барабар болду.

***Экспорт.*** 2020-жылдын январь-март айларында экспорттун көлөмү 4327,3 миң АКШ долларын түзүп, 2019-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 3,3 эсеге көбөйгөн. Экспорттук товарлардын негизги керектөөчүлөрү КМШ өлкөлөрү менен Азия мамлекеттери болуп, алардын экспорттогу жалпы көлөмдөрү 90,2 жана 9,2 пайызга барабар болду. Облустун продукциясынын негизги керектөөчүлөрү болуп, КМШ өлкөлөрүнөн Өзбекстан (экспорттун жалпы көлөмүнөн 76,7 пайызы) жана Россия (6,2 пайызы) мамлекеттери эсептелет. КМШдан тышкары Азия мамлекеттерине 9,2 пайызы экспорттолду. Азия мамлекеттеринен ОАЭ өлкөлөрүнө (4,3 пайызын), Ирак мамлекетине (3,9 пайызын түзөт ) экспорт жүргүзүлдү.

Жалпы экспорттун ичинен ЕАЭБ өлкөлөрүнө экспорттун көлөмү 313,5 миң АКШ долларын түздү. Анын ичинен Казакстан 255,8 миң АКШ долларын түзөт.

***Импорт.*** 2020-жылдын январь-март айларында импорттун көлөмү 6689,2 миң АКШ долларын түзүп, 2019-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 49,9 пайызга өскөн. Ал эми импорттун салмагы КМШ өлкөлөрүнөн 65,0 пайызга, Азия мамлекеттеринен 34,2 пайызга жана Европа мамлекеттеринен 0,7 пайызга барабар болду. КМШ өлкөлөрүнүн импортунун негизги көлөмүн алып келүүчүлөр болуп Өзбекстан (импорттун жалпы көлөмүнүн 28,8 пайызын), Россия (25,6 пайызын), КМШдан тышкары Иран мамлекетинен келген товарлар (жалпы импорттун 30,9 пайызын) түзгөн.

Жалпы импорттун ичинен ЕАЭБ өлкөлөрүнө импорттун көлөмү 1949,4 миң АКШ долларын түздү. Анын ичинен Россия 1714,1 миң АКШ долларын түзөт.

## Социалдык сектор

***Турак жай.*** 2020-жылдын январь-май айларында турак жай курулушунда жалпы аянты 16487,0 чарчы метр болгон 149 квартира пайдаланууга берилди, же өткөн жылдын январь-май айынын денгээлине салыштырмалуу 64,4 пайызды түздү. Турак жай курулушуна сарпталган жалпы чыгым 185584,8 миң сомду түздү. Сарпталган жалпы чыгым өзүмдүк турак жай курулуштарына жумшалган.

***Демографиялык жагдай.*** 2020-жылдын январь-апрель айында Баткен облусу боюнча 3970 бала төрөлүп (өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 1175 балага азайган), же калктын 1000 не 22,1 баланы түздү. Бул мезгилдин ичинде 796 адам өлгөн (2018-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 33 адамга көп), же калктын 1000 не алганда 4,4 адамды түздү. Калктын табигий өсүүсү 3174 адамды, же 1000 кишиге 17,7 түздү.

2020-жылдын январь-апрель айында 61 кичинекей балдардын өлүмү катталып, өлүм көрсөткүчү 15,4 промиллди түздү (1000 тирүү төрөлгөн балага карата бир жашка чейинки курактагы өлгөн балдардын саны). Өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 1 жашка чейинки балдардын өлүмү 15 балага азайган.




***<u>Калктын оорулары</u>***. Акыркы жылдары облусубузда жүргүзүлүп жаткан айыл жерлерин таза суу менен камсыз кылуу иштери жана *иммунопрофилактикалык комплекстер* полиомелит, брюшной тиф жана дифтерия ооруларынын азайышына алып келди.

Облустук санитардык-эпидемиологиялык станциянын маалыматы боюнча 2020-жылдын январь-май айында облуста *ичеги-карын ооруларынан* бактериялуу дизентерия менен 3 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 84,2 пайызга, ичегинин өткүр инфекциясы 366 оорулуу катталып, 51,1 пайызга төмөндөгөн, бактериялуу минингит, салмонелез инфекциялары катталган эмес.

*Вирустуу гепатит оорусу* менен 398 оорулуу адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 23,6 пайызга өскөн, анын ичинен гепатиттин В түрү менен 6 оорулуу катталып, 68,4 пайызга, эпидемиялык паротит 5 оорулуу катталып, 96,6 пайызга төмөндөгөн.

*Жаратылыштын жана жаныбарлардын инфекциясынан* бруцеллез оорусу менен 39 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 1,9 эсеге, эхинококкоз оорусу менен 12 оорулуу катталып, 33,3 пайызга көп катталган. Ал эми, жаныбарлардын тиштеп алуусу 42,1, аскаридоз 47,7 пайызга азайган.

*Паразитардык оорулардын* саны өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу котур ооруусу 58, инфекциялык ВИЧ 13 учур катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу тийиштүү катарда 45,0 пайызга, жана 2,6 эсеге көп катталган. Ал эми педикулез ооруусу менен 8, сифилис менен 2, гонорея менен 4 учур катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу тийиштүү катарда 63,6, 80,0, жана 33,3 пайызга төмөндөгөн.

*Аба аркылуу жугуучу өткүр респиративдүү оорулар* менен 8532 оорулуу адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 5,8 пайызга төмөндөгөн, ал эми кургак учук менен ооруган 142 адам катталып, 30,3 пайызга өскөн. Кургак учук менен ооругандардын саны өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу Кызыл-Кыя, Баткен шаарларында 42,1, 42,4 пайызга төмөндөп, Лейлек районунда 38 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 2,2 эсеге, Сүлүктү шаарында 6 оорулуу катталып 20 пайызга, Кадамжай районунда 56 оорулуу, Баткен районунда 27 оорулуу катталып, 60,0, жана 8,0 пайызга көп катталган.

***Облмамстатистика башкармалыгынын жетекчиси:*** ***С. Ысмайылов***

| | | беги |
|---|---|---|
| | Реалдуу сектор | |
| 1 | Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү……………. | 16 |
| 2 | Аймактар боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүүнүн көлөмү………..........................……………............. | 17 |
| 3 | Өнөр жай продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү……...........................................…………............. | 17 |
| 4 | Аймак боюнча негизги продукцияларды өндүрүү………………………. ……………………………… | 18 |
| | Айыл чарбасы | |
| 5 | Айыл чарба продукцияларынын негизги түрлөрүнүн өндүрүлүшү………………………………. | 20 |
| 6 | Аймак боюнча мал чарба продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү..…………………………......... | 20 |
| 7 | Аймактар боюнча 2020-жылдын 1-июнуна карата өндүрүлгөн жашылчалардын түшүмүн жыйноонун жүрүшү........................................................................................................................................... | 21 |
| | Капиталдык курулуш | |
| 8 | Облустун аймактарында капиталдык салымдардын иштетилиши жана подрядтык жумуштардын көлөмү | 22 |
| 9 | Капиталдык салымдардын жана подрядтык иштердин көлөмү……………………………….………….. | 22 |
| 10 | Подряддык курулуш жана монтаждоо жумуштарынын аткарылышы......................................................... | 24 |
| 11 | Аймактар боюнча өз күчтөрү менен аткарылган подрядтык жумуштардын көлөмү.................................... | 24 |
| 12 | Турак-жай курулушунун аткарылышы облус боюнча…………………………………………………… | 24 |
| 13 | Калктын эсебинен турак үйлөрдүн ишке киргизилиши............................................................................ | 25 |
| | Транспорт | |
| 14 | Автомобиль транспортунун негизги көрсөткүчтөрү | 26 |
| 15 | Аймак боюнча автомобиль транспорту менен жүк ташуу жана жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүшү | 26 |
| | Тейлөө рыногу | |
| 16 | Көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү……………………………………………………….. | 27 |
| 17 | Сооданын экономикалык ишмердиктин бардык каналдар боюнча таркатылышы…..............………....... | 27 |
| 18 | Чекене товар жүгүртүүнүн менчик түрүнүн түзүлүшү…………………………………………………… | 28 |
| 19 | Коомдук тамактануу чөйрөсүндө товар жүгүртүүнүн түзүлүшү………………………………………… | 28 |
| 20 | Бардык каналдар боюнча товар жүгүртүүнүн көлөмү коомдук тамактануу чөйрөсүн кошкондо.............. | 29 |
| 21 | Бардык каналдар боюнча товар жүгүртүүнүн көлөмү коомдук тамактануу чөйрөсүн кошпогондо.......... | 29 |
| 22 | Бардык каналдар боюнча чекене товар жүгүртүүнүн көлөмү коомдук тамактануу чөйрөсүн кошкондо (катталган ишканалар боюнча)........................................................................................................... | 30 |
| 23 | Ресторан, бар, ашкана жана башка ишканалардын бардык каналдар боюнча чекене товар жүгүртүүсү | 30 |
| 24 | Ресторан, бар, ашкана жана башка ишканалардын бардык каналдар боюнча чекене товар жүгүртүүсү (катталган ишканалар боюнча) | 31 |
| 25 | Аймактар боюнча акы алып кызмат көрсөтүүнүн көлөмү……………………………………………….. | 31 |
| 26 | Аймактар боюнча акы алып кызмат көрсөтүүнүн көлөмү (катталган ишканалар)……………………….. | 32 |
| | Эмгек жана эмгек акы | |
| 27 | Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча кызматкерлердин орточо айлык эмгек акылары………… | 33 |
| 28 | Район жана шаарлар боюнча кызматкерлердин саны жана орточо айлык эмгек акылары январь-апрель | 34 |
| 29 | Район жана шаарлар боюнча кызматкерлердин орточо айлык эмгек акылары-апрель.........................…… | 34 |
| 30 | Калкты иш менен камсыз кылуу……………………………………………………………………….. | 35 |
| 31 | Официалдуу катталган жумушсуздардын саны………………………………………………………… | 35 |
| | Мамлекеттик сектор | |
| | Финансы | |
| 32 | Облус боюнча республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы …………………………… | 36 |
| 33 | Облус боюнча республикалык бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы …………………………… | 36 |
| 34 | Облус боюнча жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы …………………………… | 37 |
| 35 | Облус боюнча жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы …………………………… | 37 |
| | Тышкы сектор | |
| 36 | Товарлардын тышкы соода көлөмү. | |
| 37 | Континенттер жана өлкөлөр боюнча экспорттун жана импорттун бөлүнүшү | 38 |
| | Социалдык сектор | 38 |
| 38 | Калктын өлүмү жана табигый өсүү көрсөткүчтөрү……………………..……………………………….. | 39 |
| 39 | Калктын төрөлүү, өлүү жана табигый өсүүсү боюнча катышы…………………………………………… | 39 |
| 40 | Жаш балдардын өлүмү……………………………………………………………………………………… | 39 |
| 41 | Облус боюннча жаш балдардын өлүмүнүн катышы……. …..……………………………………………. | 39 |
| 42 | Никеге катталуу жана ажырашуулардын саны……………………………………………………………… | 40 |
| 43 | Никеге катталуу жана ажырашуулардын катышы………..…………………………………………………… | 40 |
| 44 | Жугуштуу жана мите оорулары менен ооруган калктын саны………………………………………………… | 40 |

***Таблица 1. Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү январь-май***

( миң сом)

| | 2019 | 2020 | Физикалык көлөмдүн индекси |
|---|---|---|---|
| ***Бардыгы*** | ***1144363,6*** | ***1048343,5*** | ***92,3*** |
| ***I. Пайдалуу кендерди казуу өнөр жайы*** | ***383790,3*** | ***266601,3*** | ***84,9*** |
| 1. Таш көмүр, лигнит жана чым көң өндүрүү | 307754,9 | 230514,7 | 93,1 |
| 2. Иштетилбеген мунайзат жана жаратылыш газын өндүрүү | 71385,3 | 33290,4 | 130,4 |
| 3. Тоо-кен казуу өнөр жайынын башка тармактары | 4650,1 | 2796,2 | 41,4 |
| ***II. Иштетүү өнөр жайы*** | ***400208,9*** | ***395168,1*** | ***88,9*** |
| 1. Тамак аш азыктарын өндүрүү, ичимдик-тер менен тамеки кошо | 187913,7 | 214322,3 | 87,9 |
| -тамак-аш азыктарын өндүрүү, ичимдик терди кошкондо | 187913,7 | 214322,3 | 87,9 |
| -тамеки өндүрүү | - | - | - |
| 2. Текстил жана тигүү өндүрүшү | 27335,8 | 20538,0 | 62,7 |
| -текстил өндүрүшү | 1402,2 | 1274,0 | 58,9 |
| -кийим тигүү, терини бойоо үчүн даярдоо | 25755,1 | 19103,4 | 64,9 |
| -.булгаары, булгаарыдан жасалган буюмдар өндүрүшү жана бут кийим өндүрүшү | 178,5 | 160,6 | 89,8 |
| 3. Целлюлоза-кагаз, жыгачты кайра иштетүү жана жыгач буюмдарын өндүрүү | 12040,2 | 9518,5 | 91,4 |
| -жыгачты кайра иштетүү жана жыгач буюмдарын өндүрүү ишмердиги | 11732,7 | 9257,0 | 91,4 |
| - басма жана полиграфиялык ишмердик, жазылган маалыматтарды көбөйтүү | 307,5 | 261,5 | 74,8 |
| 4. Химия өндүрүшү | 31386,1 | 41315,5 | 176,1 |
| 5. Башка металл эмес минералдык продуктуларын, резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүү | 84363,2 | 65340,7 | 77,7 |
| 6. Металлургия өндүрүшү жана даяр металл буюмдарын өндүрүү | 16497,7 | 16307,8 | 93,4 |
| 7. Электр жабдууларды өндүрүү | 728,6 | - | - |
| 8. Өнөр жайдын башка түрлөрү | 39943,6 | 27825,3 | 69,3 |
| ***III. Электр энергиясын жана газды өндүрүү жана бөлүштүрүү*** | ***314180,9*** | ***337943,6*** | ***100,7*** |
| ***IV. Сууну топтоо, тазалоо, бөлүштүрүү калдыктарды иштетүү.*** | ***46183,5*** | ***48630,5*** | ***120,4*** |

Таблица 2. Аймактар боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү
январь -май (миң сом)

| | 2019 | 2020 | Физикалык көлөмдүн индекси | |
|---|---|---|---|---|
| | | | отчеттук айдын өткөн жылдын отчеттук айына карата | отчеттук мезгилдин өткөн жылдын отчеттук мезгилине карата |
| ***Область боюнча:*** | ***1144363,6*** | ***1048343,5*** | ***78,2*** | ***92,3*** |
| Электр энергиясыз райондор: | 830182,7 | 710399,9 | 76,6 | 90,0 |
| Баткен | 41483,4 | 42898,4 | 80,2 | 97,0 |
| Кадамжай | 308794,6 | 245087,0 | 85,9 | 86,9 |
| Лейлек | 127347,2 | 77462,0 | 96,1 | 102,4 |
| шаарлар: | | | | |
| Баткен | 339445,0 | 370659,4 | 87,0 | 99,2 |
| Электр энергиясыз | 25264,1 | 32715,8 | 86,4 | 94,1 |
| Кызыл-Кыя | 140401,8 | 121739,7 | 78,5 | 72,2 |
| Сүлүктү | 186891,6 | 190497,0 | 89,3 | 97,7 |

***Таблица 3. Өнөр жай продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү***

| | Өлчөө бирдиги | 2019 | 2020 | 2020ж. январь-май айы 2019ж. январь-май айына карата % менен |
|---|---|---|---|---|
| | | Январь-май | | |
| Таш көмүр | тонна | 153541,9 | 142896,4 | 93,1 |
| Бышырылган керамика кирпичи | миң даана | 2250,0 | 1064,7 | 47,3 |
| Бут кийим | жуп | 470,0 | 422,0 | 89,8 |
| Эт жана эт азыктары | тонна | 391,4 | 317,1 | 81,0 |
| Бышырылбаган керамика кирпичи | миң даана | 120,0 | 174,2 | 145,2 |
| Дан эгиндеринен тартылган ун | тонна | 2281,1 | 2393,8 | 104,9 |
| Өсүмдүк майлары | тонна | 46,8 | 41,9 | 89,5 |
| Жаңы бышкан нан | тонна | 3726,9 | 3316,4 | 89,0 |
| Үй-эмеректери | миң сом | 30260,8 | 21820,5 | 72,1 |
| Сурьма металы кошулма | % | - | - | - |
| Сымап | % | - | - | 176,1 |
| Топтолгон жана тазаланган суу | миң $м^3$ | 1822,3 | 1989,9 | 109,2 |
| Тазартылган күрүч | тонна | 424,5 | 418,8 | 98,7 |
| Кондитер азыктары | тонна | 239,0 | 179,9 | 75,3 |
| Килемдер | даана | 140,0 | 62,0 | 44,3 |
| Иштетилген сүт азыктары | тонна | - | 21,4 | - |
| Балмуздак | тонна | 20,0 | 7,6 | 38,0 |
| Эркектердин тигилүү кийимдери | даана | 13348,0 | 7906,0 | 59,2 |
| Аялдардын тигилүү кийимдери | даана | 11600,0 | 8703,0 | 75,0 |
| Иштетилбеген мунайзат | миң тонна | 4,6 | 6,0 | 130,4 |
| Электр энергиясын бөлүштүрүү | миң сом | 145167,1 | 146197,8 | 100,7 |

***Таблица 4. Аймак боюнча негизги продукцияларды өндүрүү***
2020-жыл январь-май

| | 2019 | 2020 | 2020 % менен 2019 | 2019 | 2020 | 2020 % менен 2019 | 2019 | 2020 | 2020 % менен 2019 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | ***Таш көмүр, тонна*** | | | ***Бышырылган кирпич, миң даана*** | | | ***Эт жана эт азыктары, тонна*** | | |
| ***Облус боюнча:*** | ***153541,9*** | ***142896,4*** | ***93,1*** | ***2250,0*** | ***1064,7*** | ***47,3*** | ***391,4*** | ***317,1*** | ***81,0*** |
| райондор: | | | | | | | | | |
| Баткен | 3300,0 | 3474,6 | 105,3 | 1440,0 | - | - | 26,5 | 25,8 | 97,4 |
| Кадамжай | 55661,2 | 45985,2 | 82,6 | 510,0 | 1064,7 | 2,1 эсе | 48,0 | 91,3 | 190,2 |
| Лейлек | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| шаарлар: | | | | | | | | | |
| Баткен | - | - | - | - | - | - | 51,0 | 48,0 | 94,1 |
| Кызыл-Кыя | - | - | - | - | - | - | 265,9 | 152,0 | 57,2 |
| Сүлүктү | 94580,7 | 93436,6 | 98,8 | 300,0 | - | - | - | - | - |

| | ***Жаңы бышкан нан, тонна*** | | | ***Дан эгиндеринен тартылган ун, тонна*** | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ***Облус боюнча:*** | ***3726,9*** | ***3316,4*** | ***89,0*** | ***2281,1*** | ***2393,8*** | ***104,9*** |
| райондор: | | | | | | |
| Баткен | 182,5 | 160,5 | 87,9 | 1665,8 | 1664,2 | 99,9 |
| Кадамжай | 1488,5 | 1373,6 | 92,3 | 497,5 | 526,8 | 105,9 |
| Лейлек | 331,7 | 277,9 | 83,8 | 117,8 | 202,8 | 172,2 |
| шаарлар: | | | | | | |
| Баткен | 260,0 | 253,0 | 97,3 | - | - | - |
| Кызыл-Кыя | 1214,2 | 1001,4 | 82,5 | - | - | - |
| Сүлүктү | 250,0 | 250,0 | 100,0 | - | - | - |
| | ***Кондитер азыктары, тонна*** | | | ***Өсүмдүк майы, тонна*** | | |
| ***Облус боюнча:*** | ***239,0*** | ***179,9*** | ***75,3*** | ***46,8*** | ***41,9*** | ***89,5*** |
| райондор: | | | | | | |
| Баткен | 17,4 | 14,5 | 83,3 | 15,8 | 15,2 | 96,2 |
| Кадамжай | 13,4 | 11,9 | 88,8 | 15,5 | 13,8 | 89,0 |
| Лейлек | 93,5 | 50,5 | 54,0 | 15,5 | 12,9 | 83,2 |
| шаарлар: | | | | | | |
| Баткен | 13,8 | 11,8 | 85,5 | - | - | - |
